DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Тыныстанова А.А.*

## АКСЫ ОКУЯСЫНА 20 ЖЫЛ

*Тыныстанова А.А.*

## 20 ЛЕТ СО ДНЯ АКСЫЙСКОГО ИНЦИДЕНТА

*A. Tynystanova*

## 20 YEARS SINCE THE AKSY INCIDENT

*УДК: (093) 93*

*Бул макалада мындан туура 20 жыл мурун Кыргызстанда эгемендүүлүктүн жылдарында болгон Аксыдагы каргашалуу, кандуу окуя тууралуу баяндалат. Бул окуянын келип чыгышына эмнелер себеп болду, окуянын башталышы жана кандуу аякташынын негизги күнөөкөрлөрү кимдер буга бүгүнкү күнгө чейин чекит коюлбай келиши ар бир кыргыз элинин жүрөгүн түйшөлтүп келет. Аксы окуясына укуктук баа бүгүнкү күнгө чейин бериле элек. Аксы окуясында жабыр тарткандар карапайым гана үй-бүлөөнүн мүчөлөрү. Алардын кайгысы, азасы, көз жашы алигиче бөксөрө элек. Аксы окуясы кийинки 2005-жылдагы 24-марттагы окуяга жана 2010-жылдагы 7-апрель окуяларына жол ачкан, тарыхта кала турган окуя болуп калды. Биз суверендүү, көз каранды мамлекетпиз дегенибиз менен ал кагаз жүзүндө гана эсептелет. Ар бир мамлекет суверендүүлүгүн бекемдеп, өз ордун тапканга умтулат. Буга күчтүү дипломатиялык ыкмалар колдонулат. Кыйчалыш кырдаалда өлкөнүн ичиндеги бардык күчтөрдүн биримдиги, саясий стабилдүүлүк абдан маанилүү болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, суверендүү мамлекет, тарых, тарыхый окуялар, Аксы окуясы, кандуу окуя, саясий кырдаал.*

*В данной статье рассказывается о трагических и кровавых событиях в Аксы, которые произошли в Кыргызстане 20 лет назад в годы независимости. Что послужило причиной этого происшествия, главные виновники начала и окончания кровавых событий, кто до сих пор является виновниками, волнует каждого кыргызстанца. На сегодняшний день правовая оценка Аксыйского инцидента не дана. Жертвы Аксыйской трагедии – обычные члены семьи. Их горе, горе и слезы еще не утихли. Аксыйский инцидент подготовил почву для событий 24 марта 2005 года и 7 апреля 2010 года Когда мы говорим, что мы суверенное, зависимое государство, это только на бумаге. Каждое государство стремится укрепить свой суверенитет и найти свое место. Используются сильные дипломатические методы. В напряженной ситуации очень важно единство всех сил внутри страны, политическая стабильность.*

***Ключевые слова:*** *государство, суверенное государство, история, исторические события, Аксыйское событие, кровавое событие, политическая ситуация.*

*This article tells about the tragic and bloody events in Aksy that took place in Kyrgyzstan 20 years ago during the years of independence. What caused this incident, the main culprits of the beginning and end of the bloody events, who are still the culprits, worries every citizen of Kyrgyzstan. To date, a legal assessment of the Aksy incident has not been given. The victims of the Aksy tragedy are ordinary family members. Their grief, grief and tears have not subsided yet. The Aksy incident set the stage for the events of March 24, 2005 and April 7, 2010. When we say that we are a sovereign, dependent state, this is only on paper. Each state seeks to strengthen its sovereignty and find its place. Strong diplomatic methods are used. In a tense situation, the unity of all forces within the country and political stability are very important.*

***Key words:*** *state, sovereign state, history, historical events, Aksy event, bloody event, political situation.*

Кыргыз мамлекети тээ байыркы убактан бер келе жаткан Орто-Азиядагы элдердин эң байыркысы. Канчалаган кылымдарды басып өтүп, канчалаган тарыхый окуяларды баштан өткөрдү. Түрк каганатынан баштап кыргыздар айрым учурларда жеңишке жетишсе, айрым учурларда жеңилүүгө дуушар болушкан. VI-VII-кылымдарда Енесайлык кыргыздардын каганы Барсбек ажо кыргыздардын акыйкаттыгы үчүн күрөшкөн эл башчысы болгон. Ал баскынчыларга каршы күрөштө өзүнүн акылмандыгы менен жеңишке жетишип келген. Барсбек ажонун согуштук тактикасын кийинчерээк Ормон хан да казактарга Кенесарыга болгон салгылашта колдонуп келген. Буларды айтуу менен биз ошол мезгилдеги кыргыздардын ажолору, хандары өз эли, жери үчүн кандай камкордуктарды жүргүзгөндүгүн билсек болот. Андан бери нечендеген суулар агып, нечендеген кылымдар өтүп, кыргыздар далай окуяларды баштарынан өткөрүп келишкен. 1916-жылдагы үркүн окуясы нечендеген кыргыздардын бейкүнөө ажалына себеп болгон. 1917-жылы Улуу октябрь социалисттик революциясынын жеңиши карапайым кыргыз элине да жакшы жашоонун шооласын чачкан эле. 1920-1985-жылдар аралыгында 15 союздук республика бир мамлекеттей эриш аркак жашап келишкен. 1985-жылдан баштап союз акырындап ыдырай баштаган. 1991-жылы 31-августа Кыргызстан өз алдынча көз каранды эмес мамлекет деген статуска ээ болду. Мына ошентип Кыргызстан өз алдынча эгемендүүлүктү алганына отуз бир жыл болсо, Аксы окуясын болуп өткөнүнө туура жыйырма жыл толуп отурат. Тарыхта болгон окуялар бир орунда токтоп калбастан өз агымы менен кете берет экен. Медалдын эки жагы бар дегендей тарыхта болуп өткөн окуялардын жакшы жактары да жаман жактары да болот. Адам баласынын башынан болуп өткөн окуялар тарыхта түбөлүккө сакталып кала берет. Тарыхый окуялар так өз баасын алмайынча бүдөмүк бойдон кала берет. Окуялардын чыгышынын себептери, башталышы, аякташы так даана көрсөтүлүшү абзел. Ал эми айрым ошол болуп өткөн саясий окуяларда бейкүнөө жарандар кандайча жабыркады, аларга каршы курал-жарак колдонулдубу буга далил эч убакта ачыкка чыкпай келет.

1991-жылдан 2001-жылдарга чейин Кыргызстанда эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында карапайым кыргыз эли турмушта оор кыйынчылыктарды башта-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рынан өткөрүп келишти. Союздун мезгилинде баардык турмуш-тиричиликке керектүүлөр менен мамлекет тарабынан камсыздалып келишкен эле. Башынан даяр оокатка көнгөн эл бул аралыкта бир топ эле кыйынчылыкты баштарынан өткөрүштү. Соода-сатык менен жандарын багууга киришишти. Жумушсуздук күч алды. Элдин алды эчак эле башка өлкөлөргө иш издеп кете башташты. Тышкы мигррация басымдуулук кыла баштады. Эл өзүн-өзү бакканга өтө баштаган эле. Бул мамлекет менен элдин ортосундагы мамилелердин ажырымына алып келиши толук ыктымал болучу. Эркиндик үчүн, акыйкаттык үчүн күрөшкөн кыргыз эли акырындап ойгоно баштаган эле. Бара-бара элдин аң-сезими өзгөрүп, мындан ары жаркын келечекке карай багыт алды. Он жылдан ашык убакыт карапайым эл баш көтөрбөй өз жашоолорун улантып келишкен эле. Акыры элдин чыдамы түгөнгөндө катары менен үч чоң саясий окуяны баштарынан өткөрүштү. 2002-жылы Аксы окуясы, 2005-жылы Март окуясы жана 2010-жылы Апрель окуялары болуп өттү. Алгачкылардан болуп элдик демонстрацияны Аксы эли башташты. 2002-жылдын 17-марттында Бозпиекте жөө жүрүшкө чыккандарга карата укук коргоо органдары тарабынан куралсыз демонстранттарга карата ок атылган. Атылган октон туш тарапка чачырап качкан жарандардын алтоосуна ок тийип, кайтыш болгон. Кийинчерээк демонстранттарды колдогонун билдирип ачкачылык жарыялап чыккан укук коргоочу Шералы Назаркулов да каза болгон. Жөө жүрүшкө чыккандарды токтотуп, үйлөрүнө кайтарыш үчүн Бозпиекте тартип коргоо кызматкерлери тарабынан күч колдонулгандыгынын кесепетинен 70 ашуун адам ар түрдүү жаракатка дуушар болушкан.

Аксы окуясынын чыгышынын негизги себеби 2002-жылы 17-мартта ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты Азимбек Бекназаровдун камалып калышы себеп болгон. А. Бекназаров эмне себептен камалгандыгын, анын өзүнчө себеби болгон. Себеби ошол мезгилде мамлекет башында турган президент Аскар Акаев Үзөңгү-Кууштун бир канча бөлүгүн Кытай Эл Республикасына бөлүп берүүгө макулдугун берген эле. Депутаттар бул маселени караганда А.Бекназаров бул окуя боюнча өзүнүн оюн ортого салып, А.Акаевке ишенбөөчүлүктү билдирип импичмент жарыялоону көтөрүп, күн тартибине койгон эле. Мына ушундан кийин А.Бекназаровго кылмыш иши козголуп, камакка алынган. Аксы эли А.Бекназаровду бошотуу жана жерди кайтарып алуу талабын коюп, жөө жүрүштү баштап, бул окуянын акыры кан төгүүгө алып келген. Бирок колунда куралы жок элге каршы атылган ок кыргыз элинин эркин сындыра алган жок. Тескерисинче, элдердин эркиндик үчүн күрөшүн күчөтүп, коомду ойготту, элди ого бетер чыйралтты. Бийлик башындагылар кандай саясий окуялар болсо да, окуянын чындыгын ачыкка чыгаргылары келишпейт. Элдик нааразычылыкта болуп өткөн окуялардын чыныгы себептерин канчалык жаап-жашырышса да баары бир чындык элге жетти [1].

Ал эми мына ошол элдин нааразычылыгын жараткан Үзөңгү-Мууш боюнча маселе кайдан, кандайча келип чыккандыгын төмөндөгүдөн көрсөк болот.

«Убагында Үзөңгү-Кууш маселеси боюнча көптөгөн талаш тартыштар келип чыккан. Бул Үзөңгү-Кууш маселеси оңой эле чечилип кала турган иш эмес болучу. Себеби Кытайлыктардын койгон талабына Кыргызстан тарап макул болбой, биздин койгон талапка Кытайлыктар макул болбой, аларды бир жыйынтыкка келтире алган эмес. Акыры жүрүп отуруп эки тарап тең бир чечимге келип, акыры талаштуу жерди эки тарапка бөлүү маселеси келип чыккан. Жыйынтыгында талаштуу жердин 30% коңшу Кытай мамлекетине 70% бизге караштуу болуп калды. Мына ошентип 1860-жылдан берки талашта болуп келген Үзөңгү-Кууш маселеси ушундай жол менен чечилген. Эмне себептен мындай болуп келген? Себеби ал кездеги документтерди ошол жердин түзүлүшүн так билбеген адамдар даярдашкан. Ал эми картанын тактыгы 1943-жылы Кызыл Армиянын топографтары келип аныкташкандан кийин гана белгилүү болгон. Мына ошентип тарыхтагы географиялык катачылык ушундай жол менен гана чечилди». Бул Үзөңгү-Кууштун Кытайга берилиши кыргыз коомчулугунда элдин эркинен тышкары, бийлик башындагылардын гана өз алдынча чыгарган чечими менен болгон иш деп айтылып келет.

Жер маселеси боюнча талаш-тартыштын келип чыгышына негизинен мамлекет башчылары да күнөөлү болуп калышат. Себеби кийинчерээк Аскар Акаевден кийин бийликке келген Курманбек Бакиевдин тушунда Каркыранын бир бөлүгүнүн да Казакстанга берилиши элдин нааразылыгын жаратып келген.

Ал эми Аксы окуясы тескерисинче, эркиндик үчүн күрөштү күчөтүп, коомду, элди ойготту. Элдик нааразычылыктын негизги себептери жаап-жашырылып, жалган маалыматтар таратылса да, баары бир чындык элге жетти. Аксы окуясы адам укуктарын коргоого багытталган эң ири элдик акция катары тарыхта калды. Бул кийинки болуп өткөн элдик эки революцияга дем, дух берген тарыхый окуя болду. Эркиндикти туу туткан элибиз эч качан авторитардык — үй-бүлөлүк башкарууга жол бербестигин далилдеди. Элдин эркиндигин, мамлекеттин бүтүндүгүн сактап калыш үчүн жанын курман кылууга даяр эл экенибиз бүткүл дүйнөгө маалым болду. 2002-жылдын 17-мартында болгон Аксы окуясынын тарыхый мааниси мына ушунда [2].

Мындан 20 жыл мурда болуп өткөн «Аксы» деген ат Кыргызстанды дүйнөгө тааныткан эле. Элдин эркиндиги, адилеттиги үчүн керек болсо жан аябай күрөшүү керек экенин аксылык баатырлар өз өмүрүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



берип көрсөтүшкөн. Аксы эли кыргыздардын байыркы замандан берки «түгөнгөн сайын түтөп, кырылган сайын күчөгөн» эр көкүрөк эл экенин эске салган! Эркиндик, адилеттик, намыс дегендер каныбызга сиңип, эч качан кетпей турганын эске салган! Аксы окуясы болбосо 24-март 2005-жылдагы жана 7-апрель 2010-жылдагы элдик революциялар болмок эмес. Жогоруда болуп өткөн үч чоң саясий окуя эгемен Кыргызстандын демократия жолундагы, жаңы коом, жаңы мамлекет куруу жолундагы эң татаал, бирок аблан маанилүү үч ашуусу болгон. Тарых ар бир болуп өткөн окуяларга өз баасын тастыктап бере алат. Бирок ошол качан аткарылат бул өзүнчө бериле турган суроо. Себеби бизде Кыргызстанда болуп өткөн окуялар 2002-жылдагы Аксы жана 2010-жылдагы 7-апрелдеги кандуу, адамдардын өлүмү менен коштолгон окуялар толук кандуу өз баасын ала элек. Элдин эркиндиги үчүн жөө жүрүшкө чыккандарга карата курал колдонууга ким уруксаат берген, карапайым элди атууга ким буйрук берген бул бүгүнкү күнгө чейин белгисиз бойдон калды. Бул саясий окуяларга соттор тарабынан укуктук баа берилгени менен кан төгүүгө буйрук берген адамдардын аты, жөнү такталбаган бойдон калды. Себеби мамлекеттик жетекчилер буйрук бермейин эч ким өз алдынча кан төгүүгө барбайт эле. Мына ошентип Аксы окуясына укуктук баа али күнчө бериле элек.

«Биринчиден, Аксы окуясы албетте, А.Акаев президент болуп турган кездеги бийлик башындагылардын эң чоң кетирген жаңылыштыгы болгон. Себеби алар элдерди бир чыгып анан тарап кетишет деп ойлошкон. Негизги катачылык – бул жаңжал башталган кезде эле мамлекеттик жетекчилер эртерээк ойгонуп, ошол жакка барып эл менен сүйлөшүү жүргүзүп, кабар алыш керек болучу. Тилекке каршы, андай болгон жок. Аксы окуясы боюнча мамлекеттик жетекчилер бири-бирине шылтап кутулуп кетишти. Ал эми ошол мезгилдеги президент А. Акаев болсо Аксы окуясы болгон убакта Кыргызстанда өзүнүн жок болгондугун, анын ордуна мамлекеттик жоопкерчиликти премьер министр К.С. Бакиев алып, ошол гана жооп берерин билдирген. Бирок Аксы окуясынан кийин эле К.Бакиев баш болгон өкмөт мүчөлөрү баардыгы отставкага кетип кутулушкан. Себеби бизде мамлекеттик жетекчилер ким кылмышка жооптуу болсо эле отставкага кетип кутулушат эмеспи. Аксы окуясына президент А.Акаев дагы, премьер-министр К.Бакиев дагы эч кандай тиешеси жоктой болуп чыга беришкен. 2005-жылдагы март окуясынан кийин А.Акаев өлкөдөн качып кетип, ал эми К.Бакиев болсо анын ордуна Кыргызстандын президенти болуп калган. 2005-жылы 24-марттагы окуядан мамлекеттик кызматтарга жаңы жүздөр келе баштаган. Убагында А.Бекназаров үчүн аксылыктар жөө жүрүшкө чыгышса кийин А.Бекназаров башкы прокурор болуп дайындалды. А.Бекназаров эми чындап киришсе бардык иштин бетин ачууга убакыт келген эле. Бирок андай болгон жок.

«К. Бакиевдин Аксы элине карата, «Тайфун» жана «Буран» операцияларына кол койгондугу тууралуу документтер 2005-жылы март окуясынан кийин табылган. Себеби А.Бекназаров баш прокурор болуп дайындалгандан кийин Аксы окуясы тууралуу кайра тергөөнү жанданткан учурда табылган. Бул документ жашыруун болгону үчүн колго араң тийген. Мына ушул убакыттан баштап А.Бекназаров «(Бакиевге) сиз бул документке кол койгон экенсиз, сурак беришиңиз керек» деп жүрүп жыйынтык чыгара алган эмес. К.Бакиев болсо «макул сурак берем» деп убакытты созуп жүрө берип, акыры беш айдан кийин А.Бекназаровду иштен (баш прокурорлуктан) алып койгон. Мына ошону менен тергөө да токтогон. Бирок Бакиев бул иши үчүн жазасыз калган жок. 2010-жылдан кийин мен Убактылуу өкмөттө турган учурда бул ишти кайра жандантып, дал ошол кылмышы үчүн К.Бакиевге айып тагылып, ал сыртынан соттолгон», - деп билдирген өз сөзүндө А.Бекназаров Азаттыкка берген маегинде [3].

Ал эми мындай иштерден кийин Аксы окуясынан жыйынтык чыкпай, саясий гана баа берилип калган. Бирок бул баа туура берилген жок. Себеби ошол кезде Аксы элин экиге бөлө коюшуп, бир тарабына анча-мынча акча тарата коюшуп, бир тарабын куугунтукка алган саясат болгон. Кийинчерээк К.Бакиев президент болуп турганда анын көзүн карагандар кошоматты кош айтышып, Аксы окуясын мындан ары караганга эч кандай негиз жок деп ишти жаап койгонго жетишишкен. Ал эми Жогорку сот болсо Аксы окуясы боюнча ишти кайра тергөөнүн эч кандай зарылчылыгы жок деген чечимин 2006-жылы июнда чыгарып беришкен. Себеби бул ишти кайра кароону Башкы прокуратура Аксы окуялары боюнча кылмыш ишинде жаңы жагдайлардын бар экендигинин негизинде сунуштаган эле. Башкы прокуратура бул иш боюнча мурдагы тергөөдө бийликтин жогорку тепкичиндеги жетекчилердин аракеттеринин негизинде, «Тайфун» жана «Буран» операцияларына укуктук баа берилбей калгандыгы белгилеген. Бирок аталган операциялардын артында 2005-жылы март окуясынан кийин президент болгон, мурун 2002-жылы премьер-министр болгон Курманбек Бакиев турганы жөнүндө маалыматтар чыккан эле. Иш кайра каралууга жөнөтүлгөн мезгилде К.Бакиев мамлекет башчысы болуп турса ким ага даап кылмыш ишин козгой алмак эле [5]. Мына ошентип жогоруда айтылгандырдын негизинде карапайым кыргыз элинин жашоо-турмуштары башка нукка өзгөрүлүп, жаңы жашоо башталып, элдин оюндагыдай бардыгы телегейи тегиз жашоо келет деген үмүттөр суу сепкендей өчтү. Анткени жалпы кыргыз эли үмүттөнгөндөй «Аксы кайгылуу окуясы-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



нын тушунда, андан кийинки 24-март 2005-жылкы, 7-апрель 2010-жылкы саясий окуялардын алдында элде «үй-бүлөлүк башкаруулардан кутулса, А.Акаев жана К.Бакиев баш болгон жеп-ичээрлер, айланасындагылар менен чогуу бийликтен кетсе эле, демократия орноп, акыйкаттык өкүм сүрөт» деген чыныгы ишеним болгон эле. Бирок андай күн келиш кайда, элдин үмүттөрү акталган жок. Аксыдагы кандуу окуядан бийлик башындагылар гана эмес, жалпы коомчулук да сабак албагандыктын кесепетинен Кыргызстанда беш жылда бирден бийликти күч менен кулатуу болуп келди. Мамлекет башчыбыз С. Жапаров Аксы окуясынын 20 жылдыгында өзүнүн кайрылуусунда төмөндөгүлөргө токтолгон: «Ошол учурда бийлик бутактарында карама-каршылык күчөп, реформалар үзүрүн бербей, жеке кызыкчылыктар үстөмдүк кылып турган. Эл өз түйшүгүн өзү тартып, аткаминерлер элден бир топ эле четтеп калган. Натыйжада мамлекеттеги абал курчуп, бийликтин бардык бутактарында Акаевдин үй-бүлөсүнүн жосунсуз жоруктары чектен ашкан. Социалдык-экономикалык абал оорлоп, саясий кырдаал кризиске кабылган. Аксы районунун тургундары эл байлыгын талоонго алууга, өлкөнүн улуттук байлыгын сатууга макул болбогон азаматтарды кысымга алган текебер бийликке жалтанбастан каршы чыгышкан», деп жазылган президенттин кайрылуусунда [4].

Мына ошентип демократиялык коомдо отуз жылдан ашык жашаган мезгилден бери Кыргызстан тамтуң баскан жаш баладай болуп өсүп-өнүгүп келе жатат. Бирок кыргыз эли эч убакта мүңкүрөп отуруп калган жок. Кыргыз эли улам чыйралып өз жашоосун оңдоо менен акырындап жакшы жашоо нугуна өтө баштады. Мамлекетибиз толук эмес, жарым-жартылай эркин, али да бутуна толук тура элек абалда болуп келе жатат. Мамлекет өзү гана эмес бүткүл тармактары аксап, көйгөйлөрү башындагы чачынан көп болуп, диний жүрүм-турум күчөп, саясий да, экономикалык жактан да тыш дүйнөгө көз каранды болуп келатат.

Эгемендүүлүккө отуз жылдан ашса да биздин мамлекет мактанаарлык эч нерсе жасай алган деле жок. Кыргызстан кен-байлыктарга бай мамлекеттин катарына кошулат. Коңшу мамлекеттерге караганда сууга да байбыз. Бирок ошолорду туура пайдалана албай келебиз. Эмнеге ушунча кен байлыктарыбыз туруп Кыргызстан башка мамлекеттен көз каранды болушу керек деген суроо туулат. Кезегинде бийликке жеп-ичкичтер келип башкарып, толгон-токой байлыкты ысырап кылып чачкан. Алар каалаган кадрын кызматка коюп, кызматтар акчага сатылган. Мына ушундайлардын айынан элдин наарачылыгы күч ала баштайт. Улам бийлик алмашкан сайын кыйынчылыктар да көбөйө баштаганын карапайым эл жон териси менен сезип келет. Мамлекетти оңдоодо эң биринчи кезекте биздин экономикабызды көтөрүү абзел. Өнөр-жай, айыл-чарбаны өздөштүрүү керек. Элдин жашоосу жакшы болсо, өлкөнүн өсүшү жакшы экенин көрүүгө болот. Туш тараптан кен байлыктарыбыз тонолуп, өлкөбүздүн өнүгүшүнө өз салымын кошо албай келет. Кыргызстанды өнүктүрүш үчүн бардык тараптан жетишкен ийгиликтер керек. Туристтик тармакты өнүктүрүү менен да бир топ ийгиликтерге жетишсе болот. Бизде эң башкысы бийик тоолор, Ысык-Көл, Сары-Челек, Арсланбап, Жети-Өгүз сыяктуу жана башка кооз жерлерибиз арбын. Мына ошол жерлерге туристтерди тартуу керек. Башкача айтканда Кыргызстанды өнүктүрүүгө кыргыздын ар бир жараны өз салымын кошо алат. Келечекте Кыргызстан да өнүккөн мамлекеттердин катарына кирип, кыргыз эли бакубат жашоого татыктуу болот.

**Адабияттар:**


1. Интернет булактары http: // www. sayasat.kg
2. Интернет булагы «24.kg».
3. Интернет булактары http: // www. Sputnik. kg
4. https www. azattyk. org
5. https www. azattyk. Org
6. Турсунова Э.Т., Назарбаева Б.С. Отражение экономических причин Аксыйского события 2002 года в периодической печати. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 4. С. 135-137.
7. Анарбекова В.Э. Причины национально-освободительной борьбы Аксыйских кыргызов (на материале причитаний). / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 11. С. 61-64.